**«И. Раззаков атындагы КМТУда билимдин сапатынын методдорун камсыздоону ишке ашыруу тууралуу»**
**Билим берүүнүн сапаты департаментинин 2023-2024 –окуу жылындагы Отчету.**

**Бишкек ш.** **27.03.2024 ж.**

И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университтети (мындан ары - КМТУ) Билим берүүнүн сапаты департаментинин (мындан ары - ББСБ) башчысынын баяндамасын угуп жана талкуулап, Окумуштуулар кеңеши төмөнкүлөрдү белгилейт:

Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу багытында көптөгөн иштер жүргүзүлүп жатат. Бул иштин негизги багыттары төмөнкүлөр болуп саналат: Билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу жаатындагы иштин негизги багыттары:

- КМТУда жаңы ачыла турган билим берүү программаларынын документтерин талапка ылайык бекитүү, алынган лицензиялардын талаптарын сактоо, аккредитациялоо иштерине даярдык көрүү жана уюштуруу (билим буруүнүн сапатын камсыз кылуунун сырткы системасы);
- КМТУнун иштелип чыккан билим берүүнүн сапатын (мындан ары - ББС) камсыз кылуунун ички системасын өркүндөтүү жана ишке ашыруу(билим берүү сапатынын камсыз кылуунун ички системасы);
- инстиуттардын, жогорку мектептердин, филиалдардын, колледждердин, окуу түзүмдөрдүн, профессордук- окутуучулар курамынын (мындан ары –ПОК) жана студенттердин чөйрөсүнүн жана моралдык психологиялык климатынын абалына ишмердик кылуусунун сапатына баа берүү (билим берүү сапатынын камсыз кылуунун ички системасы) (социалдык сурамжылоо);
- ПОКтун ишмердигин материалдык жана моралдык жактан кызыктыруу системасын жакшыртуу (KPI);
- инженердик билим берүү тармагында КМТУнун инновациялык билим берүү мекемеси катары анын улуттук жана эл аралык кадыр-баркын калыптандыруу (QS, HAAP, KPI, KP I-Улуттук рейтинги);
- билим берүү семинарларын, тренингдерди уюштуруу.

**Билим берүү программаларын лицензиялоо**. КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 19-августундагы № 1605/1 буйругуна ылайык КМТУда болгон бардык лицензиялардан **студенттердин чектүү санын алып салууга, окшош багыттарды жана адистиктерди эске алуу менен лицензиялар 2024- жылдын октябрь айында** кайра чыгарылды:

| | | |
|---|---|---|
| 1 | G2021-0008, 2021 – ж. 28- июлу (PhD)(ЖОЖКББ) мөөнөтсүз | КМТУ |
| 2 | D2019-0038, 2019 – ж. 26- июлу (ЖКББ) мөөнөтсүз | |
| 3 | I2019-0101, 2019 – ж. 26- июлу (ККББ) мөөнөтсүз | |
| 4 | I2022-0005, 2022- ж. 15- августу (ККББ) DevX&IT мөөнөтсүз | |
| 1 | G2021-0009, 2021- ж.20- декабры (PhD)(ЖОЖКББ) мөөнөтсүз | КМГТУ |
| 2 | LG 140000012, 2013-ж. 27- декабры (PhD) (ЖОЖКББ) мөөнөтсүз | |
| 2 | D2018-0003,2018-ж. 28- декабры (ЖКББ) мөөнөтсүз | |
| 3 | C2018-0006, 2018 ж. 28- декабры(ОКББ) мөөнөтсүз | |
| 4 | E2018-0049, 2018 ж. 28- декабры (КББ) мөөнөтсүз | |
| 1 | G2021-0010, 2021- ж. 21 -декабры (PhD) )(ЖОЖКББ) мөөнөтсүз | КМГТИ |
| 2 | D2020-0004, 2020- ж. 19 -марты (ЖКБ) мөөнөтсүз | |
| 3 | C2021-0006, 2021 г. 19- августу (ОКББ) мөөнөтсүз | |
| 4 | E2021-0111, 2021-ж. 21 -декабры (КББ) мөөнөтсүз | |

**Окшош билим берүү багыттары:**

| № | Шифр | Багыттын аталышы | Окутуу формасы | Окуу жайдын аталышы | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **КМТУ** | **КМКТАУ** | **КМГТУ** |
| **Бакалавр** | | | | | | |
| 1 | 510200 | Колдонмо математика жана информатика | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | - | + |
| 2 | 570700 | Костюм жана текстиль искусствосу | күндүзгү | + | + | - |
| 4 | 580100 | Экономика | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | + | + |
| 5 | 580200 | Менеджмент | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 6 | 580500 | Бизнес-информатика | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | - | - |
| 7 | 580600 | Логистика | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 8 | 590100 | Маалыматтык коопсуздук | күндүзгү | + | + | - |
| 9 | 640200 | Электр энергетикасы жана электротехника | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | + | + |
| 10 | 650400 | Технологиялык машиналар жана жабдуулар | күндүзгү | + | - | + |
| | | | сырттан | + | - | + |
| 11 | 670200 | Транспорттук жана технологиялык машиналарды,комплекстерди пайдалануу | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 12 | 670300 | Транспорттук процесстердин технологиясы | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 13 | 710100 | Информатика жана эсептөө техникасы | күндүзгү | + | - | + |
| 14 | 710200 | Маалыматтык системалар жана технологиялар | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | + | + |
| 15 | 710400 | Программалык инженерия | күндүзгү | + | + | - |
| 16 | 740700 | Жеңил өнөр жай буюмдарынын технологиясы жана конструкциялоо | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | - | - |
| 17 | 760300 | Техносфералык коопсуздук | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | + | + |
| 18 | Инд.окуу планы | Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия | күндүзгү | + | + | - |
| **Магистр** | | | | | | |
| 1 | 510200 | Колдонмо математика жана информатика | күндүзгү | + | + | - |
| 2 | 570700 | Костюм жана текстиль искусствосу | күндүзгү | + | + | - |
| 3 | 580100 | Экономика | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | - | - |
| 4 | 580200 | Менеджмент | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 5 | 590100 | Маалыматтык коопсуздук | күндүзгү | + | + | - |
| 6 | 640200 | Электр энергетикасы жана электротехника | күндүзгү | + | - | + |
| | | | сырттан | + | - | + |
| 7 | 650400 | Технологиялык машиналар жана жабдуулар | күндүзгү | + | - | + |
| | | | сырттан | - | - | + |
| 8 | 670200 | Транспорттук жана технологиялык машиналарды,комплекстерди пайдалануу | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | - | - |
| 9 | 670300 | Транспорттук процесстердин технологиясы | күндүзгү | + | + | - |
| | | | сырттан | + | + | - |
| 10 | 710100 | Информатика жана эсептөө техникасы | күндүзгү | + | + | + |
| 11 | 710200 | Маалыматтык системалар жана технологиялар | күндүзгү | + | + | + |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 12 | 710400 | Программалык инженерия | күндүзгү | + | + | - |
| 13 | 760300 | Техносфералык коопсуздук | күндүзгү | + | + | + |
| | | | сырттан | + | + | + |
| **PhD** | | | | | | |
| 1 | 710100 | Компьютердик жана маалыматтык технологиялар (PhD, профилдер б-ча) | күндүзгү | + | + | - |
| **ОКББ** | | | | | | |
| 1 | 120101 | Колдонмо геодезия | күндүзгү | - | + | + |

**Баардыгы болуп 3 университетердин арасынан: 18 –бакалавр ,13 –магистр, 1 -PhD, 1-ОКББ -1;**

КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2023 – жылдын 15 – февралындагы №173/1 буйругунун негизинде:

- КМТУнун - (башкы ЖОЖ) ЖКББ - № D2019-0038, 2019 – ж. 26- июлу (ЖКББ), мөөнөтсүз: 68-бакалавр , 50- магистр, 9 – адистик боюнча;
- №G2021-0008, 2021 – ж. 28- июлу (PhD)(ЖОЖКББ), мөөнөтсүз, 12 – PhD философия доктору (тармак боюнча);
- № С023-0005, 2023 г. 15- февралында (ОКББ), мөөнөтсүз 47- орто кесиптик билим берүү(ОКББ);
- №Е2018-0049, 2018 ж. 28- декабры (КББ), мөөнөтсүз Кошумча билим берүү(КББ) – 69;
- № I2022-00051, 2022 – ж. 15- августунда (ККББ) мөөнөтсүз кошумча кесиптик билим берүү(ККББ)- 4 багыт боюнча;
- И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи - №С2019-0076 (ОКББ)- 13 адистик боюнча лицензиялары берилди.

Анын ичинде:

- Токмок ш. филиалы: ЖКББ - №D019-0038/01 (15- бакалавр багыты боюнча); ОКББ - С2019-0076/03 (5- адистик боюнча), мөөнөтсүз,1- кошумча билим берүү (КББ);
- Кара-Көл ш. филиалы: ЖКББ - № D2019-0038/03 (7- бакалавр багыты боюнча) мөөнөтсүз; ОКББ - № С2019-0076/01 (14- адистик боюнча).
- Кара-Балта ш. филиалы: ЖКББ - № D2019-0038/05 (9-бакалавр багыты боюнча) мөөнөтсүз; ОКББ - № С2019-0076/02 (9 адистик боюнча).
- Кызыл-Кыя ш. филиалы: ЖКББ - № D2019-0038/04 (19-бакалавр багыты жана 1- адистик боюнча) мөөнөтсүз.

**Баардыгы -16 лицензисы бар.**

2024-жылдын май айынын аягында ББСБ тарабынан ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары боюнча лицензиялык ченемдерди аткаруунун ички мониторинги жүргүзүү пландаштырылууда.

КМТУ өзгөчө статусу бар университет катары (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы Жарлыгы), 2023 жылынын 11- августундагы №179, Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамынын 6-главасынын 23-беренесинде Билим берүү ишин лицензиялоо жана билим берүү ишин жүзөгө ашыруунун кабарлоо тартибине ылайык өзгөчө статуска ээ болгон жогорку жана жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары лицензиялануга жатпайт.

КМТУда жаңы ачылуучу билим берүү програмаларын ишин жүзөгө ашыруунун максатында атайы: “И.Раззаков атындагы КМТУда жогорку, дипломдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүүнүн жаңы билим берүү программаларын документтерди даярдоо жана бекитүү тартиби” Окумуштуулар кеңешинин отурумунун чеминин негизинде бекитилди. Азыркы күндө бул документтин негизинде 1 кошумча билим берүү программасы ачылды жана университеттин реестрине киргизилди. PhD (ЖОЖКББ) керектүү документтер даярярдалууда.

**КМТУнун билим берүүнүн сапатын камсыз кылуунун ички системасы (ББСКК).** КМТУда Сапат боюнча колдонмодо, процесске багытталган ыкмага негизделген сапатты камсыздоонун ички системасы бар. КМТУнун сайтында (kstu.kg) ББСДнын сапат системасындагы жана аккредитацияга даярданууга керектүү документтер жайгаштырылган.

КМТУда Сапатты камсыздоонун ички системасы иштейт, анын негизин процесске багытталган мамиле түзөт, ал колдонмодо баяндалган.

КМТУнун сайтында аккредитацияга даярдык жана сапат системасы боюнча керектүү документтер жайгаштырылган.

ЖОЖдордун биригишине байланыштуу сапатты камсыз кылуу системасынын процесстери жана аларды документтештирүү боюнча жоoптуулар кайра каралып чыкты. Сапат боюнча колдонмо жаңыртылууда. Процесстерди документтештирүү кайрадан каралып чыкты.

Сапаттын ички системасы КМТУда сапатты камсыз кылуу системасынын аудити жөнүндө Жобого ылайык түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүнүн мониторингин жыл сайын баалоону камтыйт.

«КМТУда сапатты камсыздоо системасынын аудити жөнүндө" жобого ылайык, сапатты камсыз кылуунун ички системасы түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишинин бардык түрлөрүнө мониторингди жыл сайын баалоону камтыйт, анын ичинде аудитордук фонд дагы бар. ЖОЖду кайра уюштурууга байланыштуу бардык кампустарда жана филиалдарда аудит өткөрүү жана ББП аккредитациялоого даярдык үчүн барып - келүүлөр жүргүзүлдү.

2023-жылдын 2- февралында КМТУнун жана филиалдарынын (Кара-Балта, Кызыл-Кыя, Кара-Куль) имараттарынын, окуу жайларынын, окуу корпустарынын коомдук жайларынын жана жатаканаларынын санитардык-гигиеналык нормалардын сакталышына, өрт коопсуздугуна, жабдууларга, студенттерге, ПОК жана алардын жашоо шарттары менен камсыз болушуна мониторинг жүргүзүү уюштурулду. Материалдык-техникалык базаны жакшыртуу иретинде кайрылуулар жазылды.

2023- жылында КМТУ QS Asia University Rankings 2024 рейтингинде эң мыкты TOP - 400 Азия университеттердин катарына кирди.

Азыркы учурда QS Asia University Rankings рейтингине керектүү талдоо жана жалпыланган статистика киргизилди:

- жогорку кесиптик даярдоо программалары жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүү жөнүндө: бакалавр, адис, магистр, аспирант, PhD;
- КМТУнун кампустарынын, филиалдарынын профессордук-окутуучулук курамынын иш жүгү жөнүндө;
- илимдин кандидаты, доктору, PhD даражасы бар ПОК жөнүндө, КМТУнун кампустары, филиалдары;
- КМТУнун, жогорку кесиптик даярдоонун жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билим берүүнүн студенттеринин саны: бакалавр, адис, магистр, аспирант;
- студенттердин эл аралык мобилдүүлүгү, бардык кампустары, филиалдары боюнча;
- чет өлкөлүк ПОК жөнүндө;
- кампустар жана филиалдардын бүтүрүүчүлөрүнүн жана аспиранттарынын жалпы сандары;
- жогорку кесиптик билимге жана ЖОЖдон кийинки кесиптик билимге акы төлөө боюнча статистикалык маалыматтар: бакалавр, адис, магистр, аспирант, PhD;
- академиялык эксперттер жана иш берүүчүлөр жөнүндө чогултулган жана жалпыланган маалыматтар;
- эл аралык студенттер боюнча маалыматтар.

Бул этапта эл аралык QS Stars рейтингинен өтүү үчүн талдоо жана макулдашуу боюнча түзөтүүчү процесстери иш жүзүнө ашты.

Кыргыз Республикасынын университеттеринин арасында КР I-Улуттук рейтинги азыркы этапа өтүүдө. Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун улуттук рейтинги университтетерге баа берүү болуп саналат. Университет тарабынан көрсөтүлгөн институттар, жогорку мектептер, окуу түзүмдөрүнүн, анын ыйгарым укуктарынын даражасы, ПОКко берилген программалардын сапаты, зарыл шарттарды түзүү, студенттердин жана ПОКтун бардык мүмкүнчүлүктөрүн жана таланттарын толук ачып көрсөтүү, рейтингдеги компоненттердин суммасы менен аныкталат: сапатты аныктоо, баа берүү, материалдык-техникалык база, окуу-методикалык иштер, эл аралык интеграция.

Ошондой эле КМТУ ушул окуу жылында "Аккредитациялоо жана рейтинг боюнча көз карандысыз агенттигинин" (НААР, Казахстан) рейтингине катышууга даярдыгын жүргүзүп жатат.

**ПОКтун ишмердигин материалдык жана моралдык жактан кызыктыруу системасын жакшыртуу боюча иш чаралар.**

2018-2022-окуу жылынан бери, КМТУнун бардык окуу түзүмдөрүндө автоматташтырылган система менен ПОКтун ишмердигине рейтинг жүргүзүлгөн. 2023-2024 окуу жылынан баштап КМТУнун стратегиясына ылайык, иштин негизги көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн "И.Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университетинин кадрларынын ишинин негизги көрсөткүчтөрүнүн системасы (Key Performance Indicator- KPI) жөнүндө жобо" иштелип чыкты. Бул жобо кызматкерлерди мотивациялоо үчүн керектүү механизм.

2023-жылдын 30 – ноябрында КМТУнун №250 буйругуна ылайык ББСДнын адистери тарабынан КМТУнун кадрларынын ишинин негизги көрсөткүчтөрүнүн системасынын (KPI), жобосунун негизинде, толтуруу иш чаралары боюнча түшүндүрүү иштери ар бир институттарда, кампустарда жүргүзүлдү. Азыркы убакта QS рейтингине ылайык ПОК кафедранын жетекчилери жана директорлор Жободо бекитилген критерийлерди толтуруу иш чараларын жүргүзүп жатышат.

**Билим берүү программаларын аккредитациялоо**. 2023-2024-окуу жылында, ББПнын жетекчилери КР Өкмөтү тарабынан бекитилген билим берүүнүн сапатына тышкы баа берүү үчүн минималдык талаптарына (29.09.2015-жылдагы № 670 жана 2016-ж. 4-октябрындагы № 525 "Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун тартиби жана КРдин аккредитациядан өтө турган башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына карата коюлуучу минималдык талаптар" Токтому) КМТУнун 2023-2028 жылдарга өнүгүү Стратегиясынын программаларынын ишке ашыруу боюнча иш пландарына ылайык жана өзгөчө статус алгандыгына байланыштуу: 7 багыт боюнча НААР эл аралык агенттиги менен аккредитациядан өтөт. Азаркы учурда 7 багыт боюнча түз келишим түзүлүп жатат.

**Жалпысынан,** эл аралык аккредитациядан 2- PhD, 3 –магистердик, 1-бакалавр, 1-адистик программалары өтүүгө даярдык көрүлүп жатат. Ошону менен бирге, Улуттук аккредитациядан өтүү үчүн КМТУдагы билим берүү программалары даярдоо жүргүзүлүп жатат: 6- магистрдик,7 бакалавр, 2-адистик багыт жана 16 -ОКББ багыттары боюнча "Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо агенттиги (ББПУАА)" көз карандысыз аккредитациялык агенттиги тарабынан өтөт.

2024-жылдын 30-январындагы КМТУнун №17 буйругунун негизинде, ички баалоо жүргүзүү боюнча атайын комиссия түзүлдү. Комиссия өз ишин азыркы учурда да жүргүзүүүдө. Ички баалоо жүрүүзүүдө комиссия төмөндөгү жыйынтыка келди: билим берүү программаларын (ББП) даярдоодо аймактардагы окуу түзүмдөрүнө өзгөчө көңүл буруу жана билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында, материалдык техникалык базаларды жакшыртуу, kstu.kg сайтын мезгили менен жаңыртып туруу, өз ишмердиги жана ББПсы тууралуу толук маалыматтар берүү.

Билим берүү программаларын эл аралык программалык аккредитациялоонун алкагында тышкы баалоо жүргүзүү үчүн окуу жайга эксперттик комиссиянын иш сапары июлдун башталышына пладаштырылды. Ал эми улуттук аккредитациянын сырткы эксперттик комиссиянын иш сапары КМТУда жана филиалдарда бир эле учурда 2024-жылдын 4-5-апрелинде өткөрүү пландаштырылды. Азыркы учурда программалык аккредитациядан өтүү боюнча даярдык иштери өтүп жатат. Аккредитацияга даярдык жүргүзүү үчүн ББП жетекчилерине жана кафедра башчыларына ББП өзүн-өзү баалоо боюча отчетторун жазуу боюнча семинарлар ББСД адистери, аккредитациялык агенттик тарабынан онлайн жана оффлайн түрүндө өткөрүлдү.

2024-жылдын февраль айында КМТУнун Кызыл-Кыя (3- бакалавр багыты), Кара-Балта (1 бакалавр, 2 – ОКББ) шаарларынын филиалдарында ишке ашырылып жаткан билим берүү программалары шарттуу аккредитациядан ийгиликтүү өтүштү.

**Социалдык сурамжылоону уюштуруу жана өткөрүү.** Билим берүү процессинин сапатын камсыздоо системасынын курамдык бөлүгү болуп социологиялык сурамжылоону уюштуруу жана өткөрүү болуп саналат.

Инстиуттардын, жогорку мектептердин, филиалдардын, колледждердин, окуу түзүмдөрдүн, ПОКтун жана студенттеднин чөйрөсүн жана моралдык психологиялык климатынын абалына ишмердик кылуусунун сапатына баа берүү (билим берүү сапатынын камсыз кылуунун ички системасы) ББСД жана түзүмдүк бөлүктөр тарабынан жүргүзүлө турган төмөнкүдөй бир катар сурамжылоонун түрлөрү аныкталды.

КМТУда туруктуу негизде социалдык сурамжылоо жүргүзүү үчүн бир катар анкеталар иштелип чыккан жана жыл сайын жаңыртылууда.

2023-2024-окуу жылында төмөнкү анкеталар мурунку көрсөтмөлөр аркылуу эскертүүлөрдү эске алуу менен иштелип жана жаңыртылып чыкты: "Институттардын ишитеринин сапаты жөнүндө социалдык сурамжылоо", "Студентти тейлөөө борборунун (СТБ) ишинин сапаты жөнүндө социалдык сурамжылоо", "Студенттер үчүн практиканын сапаты жөнүндө", "Студенттик жатаканада жашоо шарттарынын сапаты жөнүндө сурамжылоо", "Студенттердин окуу иштеринин уюштуруунун сапатына канааттануусу".

Бардык сурамжылоолор Google Forms толтуруу менен онлайн формасында жүргүзүлүп, иштин натыйжалуулугу жана маалыматтарды талдоо үчүн ар бир аннкетага QR- коддор колдонулган. 13.11.2023 - 30.11.2023-жж. - "Эмне үчүн И. Раззаков КМТУну жогорку окуу жайы катары тандалып алынган" аттуу анкетанын жүрүшүндө университеттин жана анын филиалдарынын 2850 студентинен 2370 студент суралды. Бул социологиялык сурамжылоо учурунда, 1- курстун студенттеринин жалпы

санынын 83,15% ин түзөт. Бул сурамжылоонун максаты – окуу жайын тандоого таасир эткен факторлорду аныктоо жана эң популярдуу жарнамалык коммуникацияларды, ошондой эле студенттердин университетке калыптанышын аныктоо. Маалымат чогултуу ыкмасы Google сурамжылоо форматында маалымат чогултуу аркылуу ишке ашырылган..

11.12.2023-26.12.2023-жж. КМТУда "Окутуучу студенттердин көзү менен" аттуу сурамжылоодо 2-4-курстардын студенттери арасында жазгы семестрдин жыйынтыгы боюнча өткөрүлүп, 3476 студент сурамжыланган. (53%)

15.01.2024 - 26.01.2024 -жж. "И. Раззаков атындагы КМТУнун профессордук-окутуучулук курамынын ишмердүүлүгүнө канааттануу" аттуу социологиялык сурамжылоонун жүрүшүндө - 319(881) ПОК сурамжыланган. Ошондой эле КМТУнун филиалдарында – Кара-Балта шаарында (14 ПОК), Кызыл-Кыя шаарында (24 ПОК), Кара-Көл шаарында (10 ПОК) сурамжыланды.Бул сурамжылоо убагында бардык мугалимдер толугу менен катыша албай калгандыгына байланыштуу карадан азыркы учуда өтүүсү жөнүндү чечим кабыл алынды. (39,9%)

25.02.2024– 10.02.2024 жж. "Окутуучу студенттердин көзү менен" аттуу сурамжылоо КМТУнун бардык филиалдарында 1-4-курстун студенттери арасында 2023-2024 – окуу жылынын күзгү семестринин жыйынтыгы боюнча өткөрүлдү.(On line form)70%)

19.02.2024 - 29.022024 жж. КМТУда ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоонун алкагында студенттердин коомдук жайлар тууралуу сурамжылоо жүргүздү ("Институттардын ишинин сапатын баалоо," Архивдин ишинин сапатын баалоо"," Ашканалардын ишинин сапатын баалоо"," Медициналык пункттун ишинин сапатын баалоо", "СТБнын ишинин сапатын баалоо", "Жеке колдонуу үчүн жерлерди баалоо", "Китепкананын ишинин сапатын баалоо", "Студенттик жатаканада жашоо шарттарынын сапатын баалоо"). Сапат боюнча колдонмого ылайык, студенттеринин арасында көрсөтүлгөн сурамжылоолор Google форматында QR коду коомдук пайдалануучу жерлерге жайгаштырып өткөрүлдүүдө. . Социалдык сурамжылоолордун бул түрлөрү үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат.

Апрель айынын башында "Биз коррупцияга каршыбыз" аттуу сурамжылоону пландаштыруудабыз. Социалдык сурамжылоонун негизги катышуучулары - КМТУнун 1-4-курстарынын студенттери. Өткөрүлгөн сурамжылоолорду анализдегенде студенттер жана ПОК белгилеген терс жактарга төмөнкүлөр кирет: КМТУнун инфраструктурасын жакшыртуу; ПОК менен студенттердин ортосундагы мамиленин этикасы; инновациялык технологияларды киргизүү; заманбап лабораториялык жабдуулар менен жабдуу; бардык сабактар боюнча ПОК тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыздоо.

Билим берүүнүн сапаты
Департаментинин директору А.З. Эсенкулова